**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2006-жылдын биринчи чейреги

## 1 (19)

**2006-жылдын май айы**

**Бишкек**

*Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Ишенбаев М.
Кеңештин мүчөлөрү: Илебаев Н.
Урустемов С.
Цыплакова Л.

Жоопту катчы: Бушман Ю.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-59 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта:ybushman@nbkr.kg

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: aaibalaeva@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасына түшүндүрмөлөрдү жана инфляциянын негизги факторлоруна анализдөөлөрдү камтыйт, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясаты чөйрөсүндөгү чечимдери жөнүндө маалымдайт жана келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолорду чагылдырат. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2005-жылдын 2-майы.

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 2001-жылдын 2-ноябрында берилген 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

«UnitPrint» басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
350 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2006-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма Улуттук банктын жыл ичиндеги бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банк жүргүзүп жаткан акчакредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматтарды, финансылык отчетко тиешелүү, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма тышкы сектордун өнүгүү тенденцияларын чагылдырат жана Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин аналитикалык жана нейтралдуу формада берилиши, тышкы сооданын түзүмү, эларалык камдар, тышкы карыз, эларалык инвестициялык позиция боюнча маалыматтар менен таблицаларды камтыйт. Анда төлөм теңдемин түзүүнүн ыкмалары жана маалымат базасы келтирилген. Басылма чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Бул басылмада Кыргыз Республикасынын банк тутумунун абалына финансылык ортомчу катары анализдөөлөр келтирилип, ошондой эле банк тутумунун туруктуулугуна анын курамдык элементтери боюнча баа берилген. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка маалыматтарды берип туруу жана Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарын пропагандалоо максатында Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи Улуттук банкка тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

## Мазмуну


**1. УЧУРДАГЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАР ..................... 5**

**2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ..................... 7**

2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ..................... 7

2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ ..................... 9

**3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ ..................... 10**

3.1. АКЧА ТОПТОМДОРУ ..................... 10

3.2. ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕР ..................... 11

3.3. АЛМАШУУ КУРСУ ..................... 13

3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ ..................... 14

**4. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР ..................... 18**

4.1. УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ ..................... 18

4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ ..................... 18

4.3. 2006-ЖЫЛДЫН ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕГИНЕ КАРАТА ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ ..................... 19

# 1. УЧУРДАГЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАР

Улуттук статистика комитетинин алдынала маалыттары боюнча 2006-жылдын биринчи чейрегинде ички дүң продукт 2005-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 2,4 пайызга өскөн. Алтын кенин өндүрүп алуучу «Кумтөр» комбинатынын продукцияларын эске албаганда, анын өсүшү 6,5 пайызды түзгөн. Өнөржайынын дүң кошумча наркы 9,1 пайызга кыскарган. Айылчарбасында жана курулушта кошумча нарктын тиешелүүлүгүнө жараша 0,9 жана 7,7 пайызга өсүшү катталган. Соодада, транспортто жана байланышта аталган көрсөткүчтүн өсүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 16,1 жана 5,0 пайызды түзгөн.

Алдынала маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын сальдосу 2006-жылдын январь-март айларында терс мааниде болгон жана 128,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Тышкы соода жүгүртүү ФОБ баасында 2006-жылдын январь-март айларында 20,7 пайызга өскөн. Товарлардын экспорту ФОБ баасында 2006-жылдын январь-март айларында 3,0 пайызга көбөйгөн. Товарлардын импорту 34,0 пайызга өскөн. Мында КМШ өлкөлөрүнөн жана алыскы четөлкөлөрдөн товарлардын келип түшүүсү тиешелүүлүгүнө жараша, 39,4 жана 25,6 пайызга көбөйгөн.

Биринчи чейректин акырына карата акча мультипликаторунун[1] мааниси 1,4 түзгөн. Жүгүртүү ылдамдыгы 4,77 жүгүртүү деңгээлинде калыптанган. Экономиканы монетизациялоо коэффициенти 21,0 пайызды түзгөн.

Биринчи чейректе орточо алганда банктараралык кредит рыногунда пайыздык чендердин деңгээли 2005-жылдын төртүнчү чейрегиндегиге салыштырганда 0,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн. РЕПО операциялары жана улуттук валютадагы банктараралык кредиттер боюнча бул көрсөткүчтүн мааниси тиешелүүлүгүнө жараша, 3,2 жана 3,1 пайызды түзгөн. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо деңгээли 1,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 3,5 пайызды түзгөн.

[1] Мультипликатордун мааниси, жүгүртүү ылдамдыгы жана монетизациялоо коэффициенти М2Х акча топтому үчүн эсептелген.

Март айынын акырына карата мамлекеттик казына векселдеринин бардык түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер 6,7 пайызды түзгөн, бул чейректин башындагыга салыштырмалуу 1,5 пайыздык пунктка төмөн, ал эми мамлекеттик казына векселдеринин кирешелүүлүгүнүн орточо деңгээли 0,8 пайыздык пунктка кыскарып, 7,2 пайызды түзгөн.

Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, инфляция 2006-жылдын биринчи чейрегинде 3,0 пайызды түзгөн (2005-жылдын биринчи чейрегинде – 1,3 пайыз). 2006-жылдын экинчи чейрегинде керектөө бааларынын 2,5 пайызга өсүшү күтүлүүдө.

# 2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

## 2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

2006-жылдын биринчи чейрегинде Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык инфляция 3,0 пайызды (2005-жылдын биринчи чейрегинде аталган көрсөткүчтүн мааниси 1,3 пайыз деңгээлинде болгон) түзгөн. Инфляциянын динамикасын, эң башкысы, кыш мезгилинде тамакаш азыктарынын айрымдарына, газга жана катуу отунга, транспорт кызмат көрсөтүүлөргө карата керектөө бааларынын сезондук жогорулоосу аныктаган.

### 2.1.1. Азыктүлүк товарлары


Айылчарба азыктүлүктөрүн чыгаруунун 2005-жылы 4,2 пайызга кыскарышы азыктүлүк товарларына карата баанын сезондук кымбатташын күчөткөн, ал 6,9 пайызды түзгөн.

Кылкандуу дан эгиндерин дүңүнөн жыйноо 2004-жылдагы деңгээлге салыштырмалуу 4,5 пайызга кыскарган, анын ичинде буудайдын түшүмү 4,8 пайызга төмөндөгөн. Картофелдин түшүмү 16,2 пайызга, жашылчалардын түшүмү – 0,7 пайызга, мөмөжемиштердин түшүмү – 16,6 пайызга азайган. Кант кызылчасы 2004-жылдагыга салыштырганда 45,0 пайызга аз жыйналган.


Айылчарбасында өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөшү жашылча-жемиштерге баанын 24,7 пайызга жогорулоосуна алып келген, анын ичинде жашылчалар 34,1 пайызга, жемиштер –12,8 пайызга кымбаттаган. 2005-жылдын тиешелүү мезгилинде мөмөжемиштерге жана жашылчаларга баанын өсүшү 23,9 пайызды түзгөн.

Кант кызылчасынын түшүмү төмөн болуунун натыйжасында кант азыгын өндүрүү дагы азайып, бул кант жана кондитер азыктарына карата баанын 25,0 пайызга жогорулашын шарттаган. Азыктүлүктөрдүн ичинен «майлар жана тоң майлар» тобуна баа 4,6 пайызга өскөн. Ошол эле учурда сүт жана сүт азыктарына карата баанын 3,2 пайызга төмөндөөсү байкалган.


**2.1-график. Керектөө бааларынын индексинин (КБИ) жылдык динамикасы**




**2.2-график. КБИ түзүмү**




**2.3а графиги. Азыктүлүк товарларына баанын жылдык динамикасы**





**2.3б графиги. Азыктүлүк товарларына баанын жылдык динамикасы**



**2.4а графиги. Азыктүлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**





**2.4б графиги. Азыктүлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**




**2.5а графиги. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы**




**2.5б графиги. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы**




### 2.1.2. Азыктүлүктөн башка товарлар

Азыктүлүктөн башка товарларга баанын индекси 2006-жылдын биринчи чейрегинде 1,0 пайызга өскөн. Баалардын биркыйла жогорулашы газ (9,9 пайыз) жана туракжай имараттарын күтүү жана оңдоо үчүн материалдар (6,4 пайыз) боюнча катталган.

Күйүүчү-майлоочу материалдарга баанын төмөндөөсүн азыктүлүктөн башка товарларга баанын өсүшүнө таасирди күчөтпөй турган фактор катары кароого болот, атап айтканда бензин жана дизель отуну тиешелүүлүгүнө жараша, 8,4 жана 0,9 пайызга арзан болгон.

### 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөр


Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын индекси 2006-жылдын биринчи чейрегинде 0,2 пайызга өскөн. Ошону менен катар, бут кийимдерди оңдоо (4,5 пайызга), маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр (2,3 пайызга), транспорттук кызмат көрсөтүүлөр (0,8 пайызга) кымбаттаган.

## 2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ


2006-жылдын биринчи чейрегинде республиканын бардык региондорунда керектөө бааларынын жогорулоосу жүргөн. Инфляциянын таасирдүүлүгү Жалалабат областында белгиленген, ал жерде баалар 5,1 пайызга өскөн, анын ичинде тамакаш азыктарына баалар 12,9 пайызга, азыктүлүктөн башка товарларга – 0,2 пайызга, кызмат көрсөтүүлөргө – 0,5 пайызга жогорулаган. Ошондой эле керектөө баалары Ош областында да кыйла өскөн, алардын өсүшү 4,5 пайызды түзгөн, мында тамакаш азыктарына карата баалар 10,4 пайызга өскөн, ал эми азыктүлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө өсүш тиешелүүлүгүнө жараша 1,8 жана 1,9 пайызды түзгөн.

Баалардын бир аз өсүшү Баткен областында белгиленген, ал жерде инфляциянын деңгээли 1,9 пайызды түзгөн, мында ал тамакаш азыктарына баанын 3,3 пайызга, азыктүлүктөн башка товарларга – 2,1 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 0,4 пайызга жогорулоосунун натыйжасында келип чыккан.

**2.6а графиги. КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы**




**2.6б графиги. КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы**



# 3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ


## 3.1. АКЧА ТОПТОМДОРУ

### 3.1.1. Акча базасы

Акча базасы 2006-жылдын биринчи чейреги ичинде 0,8 пайызга кыскарган. Акча базасынын өсүшү 2005-жылдын март айындагыга салыштырмалуу 21,8 пайызды түзгөн.

Акча базасынын 117,9 млн. сомго кыскаруусу Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин акча базасын 507,5 млн. сомго төмөндөтүүгө алып келген операцияларынын жана Улуттук банктын акча базасын 389,7 млн. сомго көбөйүүсүн шарттаган операцияларынын натыйжасында келип чыккан. Жүгүртүүдөгү акчалар 0,6 пайызга кыскарган, мында жүгүртүүдөгү акчалардын өсүш арымдары 2005-жылдын март айындагыга салыштырганда 13,6 пайызды түзгөн.

**3.1-график. Акча топтомдорунун жылдык динамикасы**




Биринчи чейректе жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшүнүн бир азга көбөйүүсү жүргөн, ал 0,2 пайыздык пунктка өскөн жана 86,9 пайызды түзгөн. Демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 13,3 пайыздан 13,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

### 3.1.2. M2 акча топтому

M2 акча топтому 0,6 пайызга көбөйгөн. 2005-жылдын март айындагыга караганда M2 өсүшү 17,3 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 6,9 пайызга көбөйгөн, анын ичинде которулмалуу депозиттердин өсүшү 9,1 пайызды, башка депозиттердин өсүшү – 2,4 пайызды түзгөн. Өткөн жылдын март айындагыга салыштырмалуу улуттук валютадагы депозиттердин өсүшү 36,2 пайызды түзгөн.

### 3.1.3. M2X топтому

M2X акча топтому 0,9 пайызга өскөн. Анын көбөйүүсү коммерциялык банктардын депозиттик базасынын[1] 3,7 пайызга өсүшүнүн эсебинен жүргөн, мында банктардан тышкаркы нак акча-

[1] Лицензиялары кайтарылып алынган, бирок жоюу процесси бүтө элек коммерциялык банктардын маалыматтарын эсепке алуу менен.

| М2Х акча топтомунун түзүмү | Үлүшү, *пайыздар* |
|---|---|
| Банктардан тышкаркы накталай акчалар | 60,1 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 14,3 |
| Четөлкө валютасындагы депозиттер | 25,6 |
| М2Х акча топтому | 100,0 |

лар 0,8 пайызга кыскарган. Четөлкө валютасындагы депозиттер 1,9 пайызга көбөйгөн.

М2Х акча мультипликаторунун мааниси 1,4 өлчөмүндө калыптанган. М2Х акча топтомунун жүгүртүү ылдамдыгы 4,77 жүгүртүүнү түзгөн. Экономиканы монетизациялоонун М2Х акча топтому боюнча эсептелген коэффициенти 21,0 пайызды түзгөн.

## 3.2. ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДЕР


### 3.2.1. Акча рыногу

Банк тутумунда ликвиддүүлүктүн жогору болуусу менен шартталган пайыздык чендердин төмөндөөсү акча рыногунун бардык сегменттеринде чейректин биринчи жарымында байкалган. Алып көрсөк, Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгү февраль айынын орто ченинде 1,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 3,0 пайызды түзгөн, ал эми банктарaралык РЕПО операциялары боюнча пайыздык чендердин деңгээли 3,4 пайыздан 3,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

Февраль айынын экинчи жарымынан баштап рыноктун негизги катышуучуларында, ликвиддүүлүктүн кыскаруусунун алкагында ноталарга карата суроо-талаптын төмөндөшү жана алардын чейректин акырына карата 4,1 пайызга жеткен кирешелүүлүгүнүн жогорулашы байкалган. Мында банктардын жигердүүлү дараметинин басаңдоосунан улам, ноталарды жайгаштыруу боюнча үч аукцион март айында өткөрүлбөй калган. Банктарaралык РЕПО операциялары боюнча чендер чейректин акырына чейин 3,0-3,1 пайыз чегинде сакталып калган, анткени банк тутумундагы ликвиддүүлүк төмөндөсө да, жетиштүү деңгээлде кала берген.

Улуттук валютадагы банктарaралык кредит рыногу сегментинде карыздык каражаттарга баанын өзгөрүүсү банктарaралык РЕПО операцияларына карата чендердин багытына ылайык келген,

**3.2-график. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




бирок кредиттер боюнча чендердин өзгөрүлмөлүүлүгү байкаларлык жогору болгон. Алып көрсөк, чендердин өзгөрүү диапозону бүтүмдөрдүн мөөнөтүнө, күрөөлөрдүн болушуна жана мүнөзүнө жараша 1,5 –7,0 пайызды түзгөн.

Чейрек ичинде орточо алганда банктараралык кредит рыногундагы пайыздык чендердин деңгээли 0,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана РЕПО операциялары боюнча 3,2 пайызды, ал эми улуттук валютадагы банктараралык кредиттер боюнча – 3,1 пайызды түзгөн. Ноталардын кирешелүүлүгүнүн орточо деңгээли 1,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 3,5 пайызды түзгөн.

Ички банктараралык кредит рыногунун валюта сегментинде биринчи чейректе чендер бүтүмдөрдүн мөөнөтүнө жараша 4,0 пайыздан 7,0 пайызга чейинки чекте өзгөрүп турган, чейрек ичинде орточо алганда алардын мааниси 5,7 пайыз деңгээлинде түзүлгөн, бул аталган көрсөткүчтүн 2005-жылдын төртүнчү чейректеги маанисинен 0,7 пайыздык пунктка жогору.

### 3.2.2. Мамлекеттик казына векселдери


Мамлекеттик казына векселдеринин (МКВ) бардык түрлөрү үчүн кирешелүүлүктүн төмөндөөсүнө бүтүндөй биринчи чейрек ичинде банк тутумундагы үстөк камдардын жогорку деңгээли өбөлгө болгон. Мында казына векселдеринин ар кандай түрлөрүнүн кирешелүүлүгүнүн төмөндөө арымы суроо-талаптын түзүмүнө жараша калыпанган. Алып көрсөк, январь айында кыска мөөнөттүү МКВлардын (жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 6 ай болгон) кирешелүүлүгү кескин төмөндөп кеткен, ал эми январь айынын акырынан тартып орто мөөнөттүү векселдердин (жүгүртүү мөөнөтү 12,18 жана 24 ай болгон) кирешелүүлүгүнүн кыйла айкын төмөндөшү белгиленген. МКВлар боюнча пайыздык чендердин төмөндөө тенденциясы ликвиддүүлүктүн кыскаруусунун таасири астында МКВларга суроо-талап байкаларлык төмөндөгөн, март айынын орто ченине чейин сакталган, ал эми МКВлардын айрым түрлөрү[1] боюнча суроо-талап жокко эсе болгон. Ушул эле учурда банктарда кый-

[1] Жүгүртүү мөөнөтү 18 жана 24 ай болгон МКВларды жайгаштыруу боюнча март айындагы төртүнчү аукцион суроо-талаптын жоктугунан улам өткөрүлбөй калган.

ла суроо-талапка ээ, жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВларды эсепке албаганда, векселдердин бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн жогорулоосу белгиленген.

Март айынын акырына карата МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 6,7 пайызды түзүп, чейректин баш жагындагыга салыштырганда 1,5 пайыздык пунктка төмөндөгөн. МКВлардын кирешелүүлүгүнүн орточо деңгээли аталган көрсөткүчүтүн 2005-жылдын төртүнчү чейрегиндеги маанисине салыштырмалуу биринчи чейректе 0,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 7,2 пайызды түзгөн. Мында минималдуу жана максималдуу жүгүртүү мөөнөтүндөгү векселдердин кирешелүүлүктөрүнүн ортосундагы спрэддин кыскаруусу катталып, ал 7,0 пайыздык пунктка жеткен.

**3.3-график. МКВ кирешелүүлүгүнүн динамикасы**
**пайыздар**





## 3.3. АЛМАШУУ КУРСУ

АКШ долларынын алмашуу курсу, эң башкысы, коммерциялык банктарда жана алмашуу бюролорунда валюта калдыктарынын көлөмүнүн өзгөрүүсүнүн натыйжасында 41,0-41,6 сом/АКШ доллары алкагында өзгөргөн. Ички рынокто АКШ долларынын курсунун динамикасына тышкы факторлордун таасири андай эле олуттуу болгон эмес. Рыноктогу жагдайдын туруктуу болушунан улам, Улуттук банк соода тооруктарына катышкан эмес.


Валюта тооруктарында АКШ долларынын орточо салмактанып алынган курсу бүтүндөй чейрек ичинде 0,39 пайызга төмөндөгөн, ал эми алмашуу бюролорунда долларды сатуунун курсу 0,55 пайызга азайган. Мында, алмашуу бюролорунда долларды сатуунун курсу чейрек ичинде орточо алганда банктараралык валюта тооруктарындагы доллардын курсунан 0,06 сомго төмөн болгон.

Биринчи чейректе АКШ долларынын эсептик курсу 0,17 пайызга жогорулаган. 2005-жылдын тиешелүү мезгили ичинде аталган көрсөткүчтүн мааниси 0,80 пайызга төмөндөгөн. Ошону менен бирге 2005-жылдын биринчи чейрегиндегиге салыштырганда АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүлмөлүүлүгүнүн чеги кескин кыскарган.

**3.4-график. 2004-2005-жылдар ичинде банктар аралык валюта рыногундагы доллардын курсунун өсүш арымы**




**3.5-график. Эффективдүү курстун индекси**




Алып көрсөк, эгерде 2005-жылдын биринчи чейрегинде АКШ долларынын эсептик курсунун анын орточо алынган маанисинен четтөөсү 1,9 пайызды түзгөн болсо, 2006-жылы аталган көрсөткүчтүн мааниси 0,5 пайызга чейин кыскарган.

Ички валюта рыногу сегментинде евронун курсунун динамикасы биринчи чейрек ичинде, адаттагыдай эле, тышкы рынокто анын олку-солкулугунун таасири астында калыптанган. Мында, 2005-жылдын төртүнчү чейрегиндегиге салыштырганда евронун курсунун өзгөрүлмөлүүлүгү кескин жогорулаган: евронун курсунун олку-солкулук диапозону өткөн чейректеги 1,3 сомдон 2,0 сомго чейин көбөйгөн. Алмашуу бюролорунда евронун сатуу курсу 2,5 пайызга жогорулап, ал эми анын эсептик курсу 2,0 пайызга көбөйгөн.

Алдынала алынган маалыматтар боюнча анык эффективдүү алмашуу курсунун индексинин орточо мааниси 2006-жылдын январь-март айлары ичинде 0,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Атамал эффективдүү алмашуу курсунун индексинин орточо мааниси 2006-жылдын январь-март айлары ичинде 0,6 пайыздык пунктка азайган.

## 3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ

### 3.4.1. Тышкы суроо-талап

Алдынала маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын сальдосу 2006-жылдын январь-март айлары ичинде терс түзүлгөн жана 2005-жылдын январь-март айларындагы 57,1 млн. АКШ долларына салыштырмалуу 128,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Тышкы соодалык ФОБ баасындагы жүгүртүү 2005-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө караганда 20,7 пайызга өскөн. Мында КМШ жана алыскы четөлкөлөр менен товар жүгүртүү арткан.

Товарлардын ФОБ баасындагы экспорту 3,0 пайызга көбөйгөн. Алтынды жана электр энергиясын эске албаганда, товарлардын экспорту 10,4 пайызга өскөн. Бирок биринчи чейректе чийки заттардын экспортунун 20,8 пайызга төмөндөшү байкалган, ошондой эле аралык товарлардын экспорту да 2,7 пайызга кыскарган. Чийки заттардын экспортунун кыскаруусу сымапты, тамекини жана


пахтаны берүүнүн олуттуу азайышына байланыштуу болгон. Товарларды «аралык товарлары» статьясы боюнча ташып кетүүнүн төмөндөөсүн да, негизинен, алтынды берүүнүн кыскарышы менен байланыштырууга болот. Мында алтындын экспорту нарктык жана натуралай мааниде тиешелүүлүгүнө жараша 8,6 жана 29,0 пайызга кыскарган. Классификациялоонун калган статьялары боюнча өсүш белгиленген. Экспорттун көбөйүүсү негизинен инвестициялык товарларды жана энергопродукцияларын берүүлөрдүн тиешелүүлүгүнө жараша 80,4 жана 30,0 пайызга көбөйүүсү менен шартталган.

2006-жылдын январь-март айларында алыскы четөлкөлөргө экспорт 3,3 пайызга, КМШ өлкөлөрүнө – 7,5 пайызга көбөйгөн. Алыскы четөлкөлөргө экспорттун үлүшүнүн кыскаруусу уланууда, биринчи чейрек ичинде ал 58,6 пайызды түзгөн. Демек, КМШ өлкөлөрүнө экспорттун үлүшү артууда, ал 41,4 пайызды түзгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Казакстанга, Тажикстанга жана Өзбекстанга экспорттун көбөйүүсү жүргөн. Россияга, Беларусияга жана Украинага берүүлөр кыскарган. Афганистан, Улуубритания, Түркия, Швейцария сыяктуу алыскы четөлкөлөргө экспорттук берүүлөр кыйла өскөн.

Алдынала маалыматтар боюнча товарлардын ФОБ баасындагы импорту 2006-жылдын январь-март айларында 34,0 пайызга өскөн. КМШ өлкөлөрүнөн импорт 39,4 пайызга, ал эми алыскы четөлкөлөрдөн товарлардын алынып келүүсү 25,6 пайызга өскөн.

Биринчи чейректе импорттун функционалдык классификациясынын бардык статьялары боюнча өсүш байкалган. Импорттун бир кыйла көбөйүүсү «энергопродуктылар» статьясы боюнча белгиленген, бул 66,4 пайызды түзгөн. Аларга «энергопродуктылар» статьясы боюнча импорттук келип түшүүлөрдүн дээрлик 50 пайызы туура келген мунайзаттарынын импортунун өсүшү нарктык мааниде 70,0 пайызды, натуралай мааниде –35,8 пайызды түзгөн. Ошондой эле биринчи чейректе «Энергопродуктылар» статьясына товарлардын импортунун биркыйла үлүшү туура келген (бул 35,2 пайызды түзгөн жана 2005-жылдын тиешелүү мез-

**3.6-график. Соода балансы**




гилиндеги бул көрсөткүчтөн 7,0 пайыздык пункт-ка жогору).

КМШ өлкөлөрүнөн товарлардын келип түшүүлөрүнүн 36,3 пайызга өсүшү байкалган, ал эми алыскы четөлкөлөрдөн импорттук берүүлөр 28,8 пайызга өскөн. КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү 1,4 пайыздык пунктка көбөйүү менен 61,7 пайызды түзгөн. Негизинен Россиядан импорттун 64,0 пайызын түзгөн мунайзаттарынын алынып келүүсүнүн артышынын эсебинен Россиядан товарлардын импорту – 98,9 пайызга олуттуу түрдө өскөн. Кытайдан товарлардын келип түшүүлөрү 157,8 пайызга өскөн, негизинен алар бул өлкөдөн берүүлөрдүн көлөмүнүн 93,0 пайызына туура келген керектөө товарлары болгон. Нидерланддардан товарларды берүүнүн 43,4 пайызга өсүшү жабдуулардын, жүк ташуучу автомобилдердин, машиналар жана жабдуулар үчүн запастык бөлүктөрдүн, эсептөө техникаларынын жана анын бөлүктөрүнүн, химия продукцияларынын импортунун көбөйүүсү менен шартталган. Ошол эле учурда Казакстандан, Украинадан, АКШдан, Германиядан жана Швейцариядан товарларды берүүнүн кыскаргандыгы байкалган.

### 3.4.2. Ички суроо-талап

#### 3.4.2.1. Жеке керектөөлөр

Улуттук статистика комитетинин алдынала маалыматтары боюнча 2006-жылдын февраль айында эмгек акылар 15,5 пайызга көбөйгөн. Айкын мааниде алганда анын өсүшү 8,2 пайызды түзгөн. Соода жүгүртүүнүн көлөмү, автомобилдерди, тиричилик буюмдарын жана жеке керектөө буюмдарын оңдоо биринчи чейректе 13,8 пайызга өскөн.

#### 3.4.2.2. Мамлекеттик чыгашалар

Мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин 2006-жылдын биринчи чейрегинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда 15,4 пайызга көбөйүүсү шартында эмгек акыларды төлөөгө кеткен чыгашалар 24,1 пайызга өскөн. Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 16,2 пайызга көбөйгөн. Мамлекеттик ишканаларга субсидиялар 15,9 пайызга өскөн. Капиталдык салымдарга жана ремонт-

ко 2005-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда 41,1 пайызга аз каражат жумшалган.

### 3.4.2.3. Инвестициялар

Улуттук статистика комитетинин ыкчам маалыматтарына ылайык, 2006-жылдын январь-март айларында негизги капиталга (объекттердин курулушу, реконструкциясы, аларды кеңейтүү жана техникалык жабдуулар менен камсыз кылуу) инвестициялар 2005-жылдын биринчи чейрегиндегиге караганда 2,9 пайызга көбөйгөн.

### 3.4.3. Ички дүң продукт

Улуттук статистика комитетинин алдынала маалыматтары боюнча ички дүң продукт өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге караганда 2006-жылдын биринчи чейрегинде 2,4 пайызга өскөн. Анын өсүшү, «Кумтөр» алтын өндүрүү комбинатынын продукциясын эсепке алуусуз, 6,5 пайызды түзгөн. Өнөржайынын дүң кошумча наркы 9,1 пайызга кыскарган. Айылчарбасында жана курулушта кошумча нарктын тиешелүүлүгүнө жараша, 0,9 жана 7,7 пайызга өсүшү катталган. Соодада, транспортто жана байланышта аталган көрсөткүчтүн өсүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 16,1 жана 5,0 пайызды түзгөн.

# 4. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР

## 4.1. УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

2006-жылдын 11-январында Улуттук банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2005-жылы аткарган ишинин алдынала жыйынтыгы жөнүндө» маалыматты укту.

Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын ишинин 2006-жылга негизги багыттарын аныктады, алар төмөнкүлөр: инфляция боюнча негизги көрсөткүчтүн аткарылышына жетишүү; банк тутумунун финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары арттырууга көмөктөшүү, алыскы региондордо жашаган калктын финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү; «Терроризмди каржылоого жана кылмыштуу жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы күрөшүү жөнүндө» мыйзам долбоорлорунун кабыл алынышына түрткү берүү; депозиттерди коргоо системасын ишке киргизүү боюнча каралган иш-чараларды аткаруу ишин улантуу; накталай эмес төлөмдөр системасын ишке киргизүү боюнча иш-чаралардын мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруунун чегинде пакеттик клиринг системасын жана бирдиктүү банктар аралык процессинг борборун түзүү ишин аяктоо; Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызын кыскартуу боюнча иште Өкмөткө көмөк көрсөтүү.

2006-жылдын 2-мартында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «2005-жылдагы акчакредит саясаты жөнүндө отчет» каралып, эске алынды (№5/4-токтом).

## 4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Биринчи чейректе жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарды сатуу боюнча он үч аукциондун ичинен тогузу өткөрүлгөн катары таанылды.

Банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктү жеңил-

детүү максатында баалуу кагаздарды РЕПО шартында, банктарaралык рыноктогу чендерден ашпаган чен боюнча жана 6 айга чейинки мөөнөткө сатуу тууралуу сунуштар коюлган. МКВ(жөнгө салуу) сатуунун көлөмү отчеттук мезгилде 85,0 млн. сомду түзгөн.

Улуттук банк ички рынокто четөлкө валюталары менен операция жүргүзгөн эмес.

## 4.3. 2006-ЖЫЛДЫН ЭКИНЧИ ЧЕЙРЕГИНЕ КАРАТА ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ

Улуттук банк 2006-жылдын экинчи чейрегинде керектөө бааларынын өсүшү 2,5 пайызды түзө тургандыгын болжолдоодо.